КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ИЧКИ ИШТЕР МИНИСТИРЛИГИ
ОШ ШААРДЫК ИЧКИ ИШТЕР
БАШКАРМАЛЫГЫ
Ош ш. ул.Э.Алиев коч. № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
МИНИСТЕРСТВО ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
УПРАВЛЕНИЕ ВНУТРЕННИХ ДЕЛ
ГОРОДА ОШ
г.Ош ул. Э.Алиева № 128 (тел. 03222 4-82-82, 4-82-82)

« 11 » июлу 2021-жыл.

чыг. № 32/3-__________

Кыргыз Республикасынын
ИИМдин ТКнын начальнигинин орун басары
милициянын полковниги
**Н.Эшимкан уулуна**

# АТАЙЫН МААЛЫМАТ

**(Ош шаардык ИИБнын КЖБРне №02-092-2021-002659 саны менен катталган материал боюнча)**

2021-жылдын 11-июль күнү, Ош шаарынын Амир-Темир кичи-шаарчасында орун алган №47 орто мектебинде жайгашкан №5322 шайлоо участогунда Элдик медия парталынын журналисттери менен "Уулутар Бириимдигинин" саясый партиясынын байкоочулары менен пикир келишпестиктен өз ара айтышып жаткандыгы боюнча кабарлаган.

Аталган маалымат 2021-жылдын 11-июлу күнү саат 19:13 чамасында, Ош шаардык ИИБнын Ак-Буура МБнүн МЭЖне №02-092-2021-002659 саны менен катталып, алгачкы текшерүү иштери башталган.

Текшерүү учурунда [redacted] биздин маалымат агентик Кыргыз Республикасынын башкы шайлоо комиссиясынан атайын уруксатын тагыраагы аккредитациясын алганбыз. Ошол үчүн биздин маалымат агентиги Ош шаарында болуп жаткан кайталанма депутаттардын шайлоосу боюнча мыйзам жана шайлоо талаптарын бузган окуяларды видео тасмага тартып коомго ачыкка чыгарайлы деп топ менен келген элебиз. 2021-жылдын 11-июлу күнү болжол менен саат 09-30 чамасында Ош шаарынын Амир-Темир кичи шаарчасында орун алган №47 орто мектебинде жайгашкан №5322 шайлоо участкасын алдында, кире бериш жеринде бей-тааныш атуулдар бир-бири менен сөз менен айтышып жаткан окуяга дуушар болдук. Ошол учурда бир бей тааныш эркек кишини ортодо туруп сүйлөп жатканын көрүп калдык. Алардын сөзүн угуп жатсам ал атуулдардын ошол ортодо турган атуул менин шайлоочуларымды алып кетип жатасын деген сөздөр болуп жатканын угуп аларды видео тасмага тарта баштадым. Ал топтолуп турган балдардын жанына барып мен аларга "Балдар бул жакта агитация болуп үгүттөө иштери жүрүп жатабы"-деп айтсам алар окуя болгон жерден чачырашып кетип алышты. Мен болсо андан ары өз жумушумду улантып аталган №5322 шайлоо участкасынын ичин видео тасмага тарттып окуя болгон жерден башка шайлоо учаскасына кетип калдым билдирме берген.

Ал эми [redacted] 2021-жылдын 11-июлу күнү болжол менен саат 16-00 чамасында Ош шаарынын Амир-Темир кичи шаарчасында орун алган №47 орто мектебинде жайгашкан №5322 шайлоо участкасы тарапта ошол жакта жашаган тургундар менен сүйлөшүп турсам эле аталган №5322 шайлоо участкасынан "Улуттар Биримдиги" саясий партиясынын

байкоочусумун деп келген эже мени эч бир себепсиз эле өзүнүн уюлдук телефонун алып чыгып мени видео тасмага “эмне бул жерде туурасын”-деп эле тартып жатты. Мен дагы сизге эмне болду деп аны дагы өзүмдүн уюлдук телефонума тартып жаттым. Ошол учурда ары жактан “Элдик Медия” көз карандысыз парталынын журналистери бири видео камаера менен келип мага карап “Биз сага бир нече ирет эскерттик, эмнеге бул жерде туурасын”деп эле ызы-чуу сала баштады. Ошол учурда мен аларга менин жеке ишканаларым жана жашаган жерим ушул жерде болгондуктан жолдун боюнда турганга эмне болбойбу деп аларга айтып жаттым. Алар болсо мени кайра-кайра уюлдук телефонуна тартып жатты. Мен аларга эмне мени тартып жатасынар десем алар мага бул жерде эмне туурасын деди мен болсо аларга мен шайлоо учаскасынан бир оп алыста турам, эмне бул жерде дагы турганга болбойбу мен каласам турам деп айттым. Бул атуулдарды тагыраагы “Улуттар Биримдиги” саясий партиясынын мүчөлөрү агитация кылып жүргөнүн уюлудк телефонума тарткан элемин ошого мени алар видеого тартып жатышты билдирген.

Азыркы учурда, жогорудагы факты боюнча Кыргыз Республикасынын Бузуулар жөнүндө кодексинин 44-бернесинин негизинде чара көрүү үчүн 2021-жылдын 11-июль күнү, №15/3/983 чыгыш саны менен Ош шаардык аймактык шайлоо комиссиясына жиберилген.

Ош ШИИБнын начальнигинин орун басары
милциянын полковниги

**А.Раимбердиев**